"БЕКИТЕМИН"

БатМУнун ректору

т.и.д., профессор А.Зулпиев

______________________

"_12_" _октябрь_ 2020-ж.

Баткен мамлекеттик университетинин гуманитардык илимдер жана педагогикалык билим берүү кафедраларынын 2020-жылдын 6-октябрында № _1_ протоколунун кеңейтилип өткөрүлгөн чогулушунун көчүрмөсү

**Жыйындын төрагасы:** Тайиров М.М. –ф.м.и.д., профессор, БатМУнун илимий иштер боюнча проректору

**Жыйындын катчысы:** Мадумарова М.К. – п.и.к.

## КАТЫШКАНДАР:

1.Тайиров М.М. – ф.м.и.д., профессор (01.04.07) БатМУнун илим изилдөө институтунун директору;

2. Асипова Н.А. – педагогика илимдеринин доктору, профессор (13.00.01); КУУнин педагогика кафедрасынын башчысы;

3.Момуналиев С.- педагогика илимдеринин доктору, профессор (13.00.01,13.00.02), ОшМУнун кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын башчысы;

4.Саттарова А.Т. – педагогика илимдеринин доктору, профессор (13.00.02);

5.Үкүбаева Б. – педагогика илимдеринин доктору, и.о.профессор (13.00.02);

6.Райимбердиева З.С. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02);

7. Шайимкулов О.А. – педагогика илиминин кандидаты, доцент (13.00.02);

8.Турганбаев Н.О. – филология илимдеринин кандидаты, доцент (10.02.06);

9. Тагаева З. – филология илимдеринин кандидаты, профессор (10.02.06);

10.Каранова Т.- педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02) БатМУ КПИнин гуманитардык илимдер факультетинин деканы;

11.Мадумарова М. – педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин м.а. (13.00.02);

12. Бердиев А.-тарых илимдеринин кандидаты, доценттин м.а. (07.00.02),

13.Максытов З. – педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин м.а.(13.00.01); директордун тарбия иштери жана мамлекеттик тил боюнча орун басары

14. Азимбаев Б. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01);

15. Тешебаев А. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01);

## КҮН ТАРТИБИНДЕ:

Изденүүчү Тажибаева Уркия Кочкоровна"**XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасы**" аттуу темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык изилдөөсүн талкуулоо.

**Илимий жетекчи:** п.и.д., профессор Н.Ишекеевдин макулдугу менен 2011-жылдын 29-декабрында Баткен мамлекеттик университетинин Кызыл-Кыя гуманитардык-педагогикалык институтунун Окумуштуулар Кеңешинин № 3 протоколу менен бекитилген.

**Рецenttер:**

Момуналиев С. – п.и.д., профессор.

Каранова Т.Н. – п.и.к.,доцент.

**Жыйындын төрагасы:** Диссертациянын негизги бөлүктөрүн тааныштыруу үчүн сөз изденүүчү Тажибаева Уркия Кочкоровнага берилет.

**1.Угулду:** Изденүүчү У.Тажибаеванын диссертациялык ишинин мазмуну жөнүндөгү доклады.

Урматтуу төрага! Урматуу агайлар, эжелер!

Акыркы жылдары мектеп окуучуларынын адабий билим алууга, көркөм адабий туундуларды окууга, өз ара талкуулоого болгон кызыгуулары солгундап, прозалык, поэтикалык чыгармалар мурдагыдай талашка түшүп кабылданбай калды. Кийинки муундун басымдуу ыр түрүндөгү чыгармаларга болгон мамилесинин кайдыгерлигинин терендеши, биринчиден, ааламдашуу процессинин активдештирилишинен улам маалымдоо технологияларынын: интернеттин, компьютер оюндарынын, теле көрсөтүүнүн, уюлдук жана спутниктик байланыштардын балдарга тийгизген таасирине, экинчиден, орто мектепте адабиятты, мунун ичинде поэзияны окутуунун натыйжалуулугуна жетише албай жаткандыгыбыз менен байланыштуу. Бул эки жагдай азыркы мектепке өзгөчө мамиле кылууну шарттап, адабиятты окутуунун мазмунун, формасын жаңылоону, технологияларын өркүндөтүүнү, анын максат-милдетин окуучулардын билим алууга деген компетенттүүлүктөрүн жогорулатууга багыттоону талап кылат.

Жалпы орто билим берүүчү мектептерде кыргыз адабиятынан адабий билим берүү ар дайым турмуш менен байланышта болуп, адабий процесстеги жаңы көрүнүштөр менен толукталып турганда, акын-жазуучулардын чыгармаларынын мазмун жана форма жактан көп түрдүү болушун эсепке алганда, бул же тигил улуттагы адабий процесс менен интеграцияда караганда жана мектепте окутууда аны эске алганда гана кайтарымдуулугу жогору болорлугу айтылып келет. Кыргыз адабияты боюнча мамлекеттик билим берүү стандартында кыргыз адабиятын мектепте окутуунун натыйжалуулугу алгылыктуу болуп, андагы коюлган максаттар окуучулар тарабынан төмөндөгү шарттар аткарылса гана ишке ашарлыгы көрсөтүлгөн:

- көркөм чыгармаларды көп окуша;
- окуганын түшүнсө жана башкаларга түшүндүрө алса;
- ар тараптуу, системалуу, багыттуу даярданышып, окуй турган китепти туура тандай билип, окурмандык кызыгуусу артса;

- көркөм чыгарманын идеялык маанисин терең өздөштүрүп, кабылдоонун жекелик мүнөзү, чыгарманын мазмуну менен формасынын өзгөчөлүктөрүн ар тараптан кенен кабылдап, ага жекече баа берип, берген баасын далилдей алса;
- адабият боюнча терең билимге жетишип, көркөм чыгармадан алган таасирлерди турмуштук кырдаалдарга жараша колдоно билүүгө ыңгайлашса;
- сөз байлыгы мол болуп, чыгарманын көркөм сөз каражаттарын өз сөзүндө пайдалана билсе;
- кебинин байланыштуулугу, кооздугу, тактыгы, таамайлыгы, жеткиликтүүлүгү, логикалуулугу, ырааттуулугу болсо ж.б.

[Кыргыз адабияты. Жалпы билим берүү уюмдарынын V–IX класстары үчүн предметтик стандарт. – Б., 2018. – 12-б]

Ал эми Кыргыз адабияты боюнча мамлекеттик билим берүү стандартында «Адабиятты окуу предмети катары үйрөнүүнүн объектиси – кыргыз адабиятынын туундулары (улуттук фольклор, ырчылар чыгармачылыгы, жазма акындардын поэзиясы, совет мезгилиндеги жазуучулардын чыгармалары, азыркы адабият) жана эне тилине которулган дүйнөлүк классика. Мында, албетте, эне тилинде жазылган чыгармаларды окуп-үйрөнүүгө артыкчылык берилет. Ошол эле мезгилде адабият таануунун айрым үлгүлөрү да бул же тигил чыгарманы терең өздөштүрүү үчүн окуп-үйрөнүлөт», – деп жазылган. Демек, азыркы адабият деп аталган соңку учурдагы кыргыз адабиятын окуп үйрөнүү, ал процессте адабият таануу илиминин материалдарын пайдалануу стандарттын талабы болуу менен, алар жаштарыбыздын адабий билимин көтөрүүдө жана турмуш түшүнүктөрүн байытууда өзгөчөлүү чоң ролду ойнору анык. XX кылымдын 70–90-жылдарындагы профессионал поэзия үлгүлөрүнүн мектепте заманбап талаптарда окуп-үйрөнүлүш көйгөйүнө түздөн-түз тийиштүү.

Аталган мезгилдеги кыргыз профессионал поэзиясынын адабият программасына киргизилген өкүлдөрүнүн курамын С.Эралиев, С.Жусуев,

Б.Сарногоев, Ж.Мамытов, О.Султанов, Э.Ибраев, М.Абылкасымова, А.Өмүрканов, Ш.Дүйшеев сыяктуу акындар түзүү менен, алардын чыгармалары жалпы адамзаттын кылым соңунда кабылган этикалык, экологиялык көйгөйлөрүн философиялык өңүттөн чагылдыруу, алардагы лирикалык каармандын ички дүйнөсүн психологиялык тереңдикте ачуу аракетинин жогорулугу, тарыхый-биографиялык тематикага кызыгуусунун жигердүүлүгү, публицистикалуулугу менен айырмаланат. Аталган мезгилдеги акындардын чыгармаларын окутуу боюнча методологиялык негиздер бир катар методист-изилдөөчүлөр (Алымов Б., Иманалиев К., Байгазиев С., Ишекеев Н., Момуналиев С., Муратов А., Турдугулов А., Рысбаев С., Батаканова С., Култаева Ү., Исамидинов И., Мусамбетов Т., Байсабаев Б., Оторбаев Б., Ибраева М., Тешебаев М., Эшиев Ж. ж.б.) тарабынан ишке ашырылгандыгын айта кетүүгө тийишпиз. Бирок бул эмгектерде кыргыз адабиятынын, анын ичинде кыргыз поэзиясынын XX кылымдын жыйынтыктоочу этабынын окутулушу тарыхый-адабий процессте, ошол процесстин өзгөчөлүктөрү эске алынуу менен атайын изилденген эмес. Биздин изилдөө дал ушул кенемтени эске алуу менен жүзгүзүлдү.

Демек, XX кылымдын 70–90-жылдарындагы поэтикалык чыгармалары жалпы орто билим берүүчү мектептин «Кыргыз адабияты программасына» ошол өткөн кылымдын аяк чининен тартып гана киргизилип, аларды окутуунун тажрыйбасынын жетишсиздиги, дале топтолуп үлгүрбөгөнү жана да ал тажрыйбалардын иретке салынып жыйынтыкталбаганы, бул адабий окуу материалдарынын окуу-нормативдик документтерден орун алышынын анализи жасалбагандыгы, ал чыгармаларды мектепте окутуунун бирдиктүү методикалык системасы али түзүлбөгөндүгү, адабият мугалимдери үчүн окуп-үйрөнүүгө деп сунушталган чыгармаларга түздөн-түз тийиштүү адабият таануучулук жана методикалык эмгектердин дээрлик жоктугу, мектептик билим берүүнүн мындай материалдарга бөтөнчө муктаждыгы биздин изилдөөбүздүн **актуалдуулугун** толук тастыктай алат.

**Изилдөөнүн максаты:**

– XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз профессионал поэзиясынын мектептик окуу программасына киргизилген чыгармаларын заманбап талаптарда окутуп-үйрөтүүнүн натыйжалуу жолдорун, ыкмаларын аныктап, алгылыктууларын окутуу практикасында колдонууга сунуштоо.

Диссертациянын биринчи главасы **«XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз профессионал поэзиясынын өнүгүү тенденциялары, аны мектепте окутуунун, талдап өздөштүрүүнүн методологиялык негиздери. Адабиятты заманбап талаптарда окутуу маселелери»** деп аталып, анда өткөн кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз профессионал поэзиясынын өнүгүү тенденциялары жана ал мезгилдеги акындардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрү көрсөтүлүп, бул жылдардагы поэтикалык туундуларды мектепте окутуунун, талдап өздөштүрүүнүн методологиялык негиздерин жана жалпы өзгөчөлүктөрүн, тенденцияларын, ал мезгилдеги профессионал кыргыз акындардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрүн аныкталып берилди.

**«XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз профессионал поэзиясынын үлгүлөрүн адабияттык окуу курсунда заманбап технологиялар негизинде окутуу, талдап өздөштүрүү»** деп аталган экинчи главада кыргыз профессионал акындарынын ошол 70–90-жылдар ичинде жараткан поэтикалык чыгармаларынын урунттууларын, атап айтканда, 5-класска деп сунушталган Ж.Садыковдун «Энелердин жүрөгү» ыр-жомогун, С.Жусуевдин «Алакан», Б.Сарногоевдин «Бешигим – Мекен» лирикаларын, 6-класска сунушталган М.Абылкасымованын «Эстелик сүйлөйт» поэмасын, 7-класска деп сунушталган Т.Кожомбердиевдин «Апа» поэмасын, «Эне жана коломто» лирикалык ырын, Ж.Мамытовдун «Буурул тандын жомогу» поэмасын, О.Султановдун «Кош, Ысык-Көл», «Бокс», «Алтай… Алтай», «Жоокер» лирикалык ыр туундуларын, А.Өмүркановдун «Чолпонбай» поэмасын азыркы заманбап технологияларга ылайык окутуу маселелери каралды жана ылайыгына жараша чечмеленди. Мында программа

сунуштаган көркөм поэтикалык туундуларды заманбап салттуу жана интерактивдүү окутуунун теориялык жана практикалык маселелери иштелип чыгылган.

Аталган мезгилдеги кыргыз профессионал поэзиясынын мектептеги адабият предметинде үйрөтүлүүчү чыгармаларын окутуунун психологиялык-педагогикалык жана методикалык аспектилерин, аларды өркүндөтүүнүн педагогикалык мүмкүнчүлүгүн ачып берүү менен экинчи маселе чечилди.

Үчүнчү глава **«XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын системалуу курста заманбап талаптарда окутуу, талдап үйрөнүү»** деп аталып, изилдөөнүн үчүнчү милдетин ишке ашыруу үчүн: Өткөн кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз профессионал поэзиясынын үлгүлөрүнүн учурдагы нормативдик документтерде, методикалык адабияттарда берилишинин анализин жүргүзүп, ал мезгилдеги поэтикалык чыгармаларды жалпы орто билим берүүчү мектептерде окутуунун технологияларын жана моделдерин иштеп чыгуу мында профессионал акындар: Б.Сарногоевдин «Ашуудан берген отчетум» жыйнагындагы ырларды X класста инновациялык технологиялар негизинде үйрөнүү, С.Эралиевдин адабият окуу програмасында камтылган лирикаларын, «Кесиринсан» поэмасын, Э.Ибраевдин «Улут болсом, тилим менен улутмун», Ш.Дүйшеевдин «Кайдыгерлик» публицистикаларын XI класста салттуу жана интерактивдүү окутуу, талдап өздөштүрүү, С.Жусуевдин «Курманжан датка» ыр менен жазылган романын XI класста заманбап талаптарда окутуу, талдап үйрөнүү маселелери чечмелөөгө алынды. Ушул эле главада педагогикалык эксперименттин жүрүшү жана анын жыйынтыктары тууралуу материалдар берилет.Педагогикалык эксперимент иштери окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн 4 мектепте алып барылды. Алдыңкы мугалимдердин иш тажрыйбасын жалпылоо, XX кылымдын 70–90-жылдарындагы профессионал кыргыз акындарынын: Ж.Садыковдун, С.Жусуевдин, Б.Сарногоевдин, М.Абылкасымованын, Т.Кожомбердиевдин, Ж.Мамытовдун, О.Султановдун, А.Өмүркановдун поэтикалык чыгармаларын

V–VII класстарда, Б.Сарногоевдин, С.Эралиевдин, Э.Ибраевдин, Ш.Дүйшеевдин «Кайдыгерлик» ыр туундуларын, С.Жусуевдин «Курманжан датка» ыр менен жазылган романын X–XI класстарда окутуудагы натыйжалуу ыкмаларды жана жолдорду табууда база катары Баткен областынын Кызыл-Кыя шаарындагы А.С.Пушкин атындагы № 4 орто мектебинде (мугалимдери Токторова Рахат, Келдибекова Айгул), У.Гулматов атындагы № 9 орто мектебинде (мугалимдери Темирбаева Элмира, Ысакова Ыхвал, Шакирова Рахат), Ош областынын Ноокат районундагы Герейт-Шорон орто мектебинде (Дарманова Айхан, Мадаминова Чолпон), «Көк-Жар» инновациялык гимназияларында (Дарбишева Жумагул, Абдирашитова Рахат, Калыкова Разия, Исмаилова Буалима) 2012-жылдан баштап эксперименталдык изилдөөлөр жүргүзүлдү. Эксперимент иштери үч этапта алып барылып, жыйынтыгында аталган кыргыз профессионал акындарынын поэтикалык туундуларын мектепте окутуунун кыйла жогорку натыйжаларына жетишилип, окуучулардын китеп окууга, адабияттан билим алууга болгон кызыгуулары артылды.

Көңүл бурганыңыздарга чоң ыраазычылыгымды билдирем.

**Төрага**: Доклад бүттү. Кимде кандай суроолор бар?

**Асипова Н., педагогика илимдеринин доктору, профессор:**

-1.Илимий ишиңиздин жаңылыгы кайсы? 2.Сиздин темаңыздын аталышы "XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасы"- деп аталат экен, окутуунун системасын кандай түшүнөсүз?

**Изденүүчү Тажибаева У.К.:** - Рахмат суроонузга, биринчи суроого жооп төмөнкүдөй;

– XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз профессионал поэзиясынын материалдарынын жалпы өзгөчөлүктөрү жана аны мектепте үйрөтүүнүн бөтөнчөлүктөрү аныкталгандыгында;

– аталган мезгилдин акындарынын чыгармаларынын окуу программаларынан, окуу китептеринен орун алышынын азыркы абалы жана аны өркүндөтүүнүн жолдору көрсөтүлгөндүгүндө;

– профессионал акындардын окуу программасына сунуш кылынган чыгармаларын адабий-тарыхый процесс, коомдук турмуштун жалпы динамикасы менен байланышта талдоонун бүтүн бир методикалык системасы иштелип чыккандыгында;

– иштелип чыгылган теориялык ойлор жана методикалык сунуштар илимий-практикалык сынактан өткөрүлгөндүгүндө.

Ал эми экинчи суроого жооп - окутуунун системасына сабакта колдонулгон усулдар, принциптер, компетенциялар, крийтерийлер, каражаттар, моделдердин баары биригип окутуунун системасын түзөт.

**Момуналиев С. М., педагогика илимдеринин доктору, профессор:**Иштин максатына жетишүүдө кайсы методдорду пайдаландыныз? Метод дегенди чечмелеп бериңиз?

**ИзденүүчүТажибаева У.К.:** - Рахмат, суроoңуз менин үчүн баалуу. Жалпысынан алганда салттуу окутуунун методдорун жана интерактивдүү методдорду пайдаландым. Метод – деген түшүнүккө ар кайсы окумуштуулар өздөрүнүн пикирлерин айтып келишет. Бир сөз менен айтканда сабактын максатына жетүүнүн жолу.

**Үкүбаева Б. – педагогика илимдеринин доктору, и.о.профессор:** Адабият сабагынын компентенттүүлүктөрү, компентенттүүлүктүн 3 деңгээли илимий ишиңизде камтылдыбы? Предметтик компентенттүүлүктөрдү айтып өтсөңүз.

**ИзденүүчүТажибаева У.К.:** Албетте, илимий изилдөө ишибизде поэзиялык чыгармаларды окутууда тема боюнча жаңы стандарттагы компентенттүүлүктүн негизинде сабактар пландаштырылып түзүлдү. Предметтик компентенттүүлүктөр болуп, окурмандык, баалуулук - дүйнө таанымдык, адабий чыгармачылык эсептелет, репродуктивдүү эмес көбүнчө продуктивдүү, креативдүү деңгээлдеги тапшырмалар орун алды.

**Саттарова А.Т. – педагогика илимдеринин доктору, профессор:**

1. Диссертациялык ишиңиз кандай илимий жоболордон турду?
2. Илимий ишиңизде кандай жаңы адабияттардан пайдаландыңыз?

**ИзденүүчүТажибаева У.К.:** Рахмат суроонузга, диссертацияда коргоого коюлуучу негизги жоболор төмөнкүлөр:

1. XX кылымдын 70–90-жылдарындагы профессионал кыргыз поэзиясынын чыгармаларынын жаралышына өбөлгө болгон тарыхый-социалдык шарт-жагдайлар жана алардын окутуу процессинде эске алуунун зарылдыгы.

2. Аталган мезгилдин поэтикалык чыгармаларынын мектептик окуу программаларына, окуу китептерине киргизилиш абалы жана аларды окутуунун проблемалары.

3. Кыргыз профессионал акындарынын өткөн кылымдын акыркы чейреги аралыгында жазган поэтикалык чыгармаларын орто мектепте окутуп-үйрөтүүнүн азыркы талаптары жана аларды өркүндөтүүнүн илимий-методикалык негиздери.

Ал эми экинчи суроого болсо, биз иштин жүрүшүндө Б.Алымов, К.Иманалиев, Н.Ишкеев, С.Момуналиев, А.Тешебаев, Б.Оторбаевдердин эмгектеринен пайдаландык.

**Каранова Т.Н. педагогика илимдеринин кандидаты, доцент:** 1. Эксперимент жүргүзүүдө алган мектептер бул жакта болуптур, кандай кыйынчылыктар болду? 2. Илимий ишиниздин жыйынтыгы кандай ?

**ИзденүүчүТажибаева У.К.:** 1. Жолдун алыстыгы эле болбосо, кыйынчылык болгон жок. 2. Кыргыз поэзиясынын XX кылымдын 70-90-жылдарындагы мектеп программасына кирген поэзияларын окутуунун жолдору иштелип чыккандыгында.

**Мадумарова М.педагогика илимдеринин кандидаты, доцент:** Эмне үчүн 70-90-жылдардагы акындарды алдыңыз? Тема жалпы болуп калыптыр, конкреттүү бир акындарды албадыңыз?

**Изденүүчү Тажибаева У.К.:** Рахмат берген суроонузга, бул маселе боюнча жетекчим менен акылдашып классик акындар С.Эралиев менен С.Жусуевдин чыгармаларын гана окутуу боюнча мектеп программасына кирген чыгармаларын алсак, программада берилген сааты аз болуп, андан диссертация чыкпай калат экен. Ошон үчүн 70-90-жылдардагы мектеп программасына кирген акындарды алганбыз.

**Төрага:** Менин оюм боюнча диссертант бардык суроолорго толук жана канааттандырарлык жооп берди.

Эмки сөздү рецензенттерге берсек, анда сөз кезеги педагогика илимдеринин доктору, профессор: С. М. Момуналиевде.

Урматтуу коллегалар! Азыркы учурдагы коюлган талаптарга ылайык жаштар арасында патриоттуулукка тарбиялоонун натыйжалуулугун жогорулатууга КР өкмөтү, коомдун жана педагогдор тарабынан бир канча зарыл, салмактуу аракеттер, чечимдер жасалууда. Ошондуктан, терең окуп билүү жана тажрыйбаларды жалпылоо, жаштарды тарбиялоодо натыйжалуу колдонуучу каражаттарды, формалар жана методдорду аныктоону талап кылат.

**Изилдөөнүн максаты**– XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз профессионал поэзиясынын мектептик окуу программасына киргизилген чыгармаларын үйрөтүүнүн натыйжалуу жолдорун жана ыкмаларын аныктоо аркылуу аларды окутуунун усул-ыкмаларынын тууралыгын педагогикалык тажрыйбада текшерип көрүү жана алгылыктууларын окутуу практикасында колдонууга сунуштоо.

**Киришүүдө** теманын актуалдуулугу айтылып, диссертациянын максаты менен милдеттери, илимий жаңылыгы менен практикалык мааниси, изденүүчүнүн жекече салымы, коргоого алып чыгуучу негизги жоболору, изилдөөнүн натыйжаларынын апробациясы көрсөтүлгөн.

Биринчи глава **«XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз профессионал поэзиясынын өнүгүү тенденциялары, аны мектепте талдап өздөштүрүүнүн методологиялык негиздери. Адабиятты**

**окутуунун заманбап технологиялары»** деп аталып, анда өткөн XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз профессинал поэзиясынын материалдарынын жалпы өзгөчөлүктөрү жана аны мектепте үйрөтүүнүн бөтөнчөлүктөрү аныкталган.

**«XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз профессионал поэзиясынын үлгүлөрүн адабияттык окуу курсунда заманбап технологиялар негизинде окутуу, талдап өздөштүрүү»** деп аталган экинчи главада кыргыз профессионал акындарынын ошол 70–90-жылдар ичинде жараткан поэтикалык чыгармаларынын урунттууларын, азыркы заманбап технологияларга ылайык окутуу маселелери каралыптыр жана ылайыгына жараша чечмелениптир. Мында программада сунушталган көркөм поэтикалык туундуларды заманбап салттуу жана интерактивдүү окутуунун теориялык жана практикалык маселелери иштелип чыгылган.

Үчүнчү глава **«XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын системалуу курста заманбап талаптарда окутуу, талдап үйрөнүү»** деп аталып, мында профессионал акындар: Б.Сарногоевдин «Ашуудан берген отчетум» жыйнагындагы ырларды X класста инновациялык технологиялар негизинде үйрөнүү, талдоо, С.Эралиевдин адабият окуу програмасында камтылган лирикаларын, «Кесиринсан» поэмасын, Э.Ибраевдин «Улут болсом, тилим менен улутмун», Ш.Дүйшеевдин «Кайдыгерлик» публицистикаларын XI класста салттуу жана интерактивдүү окутуу, талдап өздөштүрүү, С.Жусуевдин «Курманжан датка» ыр менен жазылган романын XI класста заманбап талаптарда окутуу, талдап үйрөнүү маселелери чечмелөөгө алынган.

Ушул эле главада педагогикалык эксперименттин жүрүшү жана анын жыйынтыктары тууралуу материалдар берилген.

Бул диссертациялык иште, жогоруда көрсөтүлгөн бир катар жетишкендиктер менен, айрым кемчиликтер да байкалат:

1. Биздин оюбузча диссертациялык иштин главаларындагы аталышына корректировка болушу керек.

2. Диссертациялык иштин текстинде техникалык жана орфографиялык каталар байкалат.

Жалпысынан алганда, иш жакшы жазылган, илимий көрсөткүчтөр ишенимдүү, коргоого сунушталса болот.

**Төрага:** Кийинки сөз педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Т.Н.Карановага берилет.

Урматтуу коллегалар! Азыркы адабият деп аталган соңку учурдагы кыргыз адабиятын (анын ичинде поэзияны) окуп үйрөнүү, ал процессте адабият таануу илиминин материалдарын пайдалануу стандарттын талабы болуу менен, алар жаштарыбыздын адабий билимин көтөрүүдө жана турмуш түшүнүктөрүн байытууда өзгөчөлүү чоң роль ойнойт.

Ар кандай мазмундагы поэзия үлгүлөрүнүн билим берүү мекемелеринде окутулушу, негизи, жаңылык деле эмес, алар советтик доорго чейинки учурда медреселерде, андан кийин советтик жалпы орто билим берүү мекемелеринде ар тараптуу үйрөнүлүп келген. Анткен менен, бул тема методист-окумуштуулар, изилдөөчүлөр тарабынан жетиштүү терең изилденген эмес жана ушу азыркы учурда да ар тараптуу изилдөөнү талап кылып отурат.

**Изилдөөнүн максаты:**

– XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз профессионал поэзиясынын мектептик окуу программасына киргизилген чыгармаларын үйрөтүүнүн натыйжалуу жолдорун жана ыкмаларын аныктоо менен аларды окутуунун усул-ыкмаларынын тууралыгын педагогикалык тажрыйбада текшерип көрүү жана алгылыктууларын окутуу практикасында колдонууга сунуштоо.

Бул максатты ишке ашыруу үчүн төмөндөгүдөй **милдеттер** коюлган:

1. XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз профессионал поэзиясынын жалпы өзгөчөлүктөрүн, тенденцияларын, ал мезгилдеги профессионал акындардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрүн аныктоо.

2. Аталган мезгилдеги кыргыз профессионал поэзиясынын мектептеги адабият предметинде үйрөтүлүүчү чыгармаларын окутуунун психологиялык-педагогикалык жана методикалык аспектилерин, аларды өркүндөтүүнүн педагогикалык мүмкүнчүлүгүн ачып берүү.

3. Өткөн кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз профессионал поэзиясынын туундуларынын учурдагы нормативдик документтерде, методикалык адабияттарда берилишинин анализин жүргүзүп, ал мезгилдеги поэтикалык чыгармаларды жалпы орто билим берүүчү мектепте окутуунун технологияларын жана моделдерин иштеп чыгуу.

4. Иштелип чыккан технологияларды жана моделдерди илимий-эксперименталдык жол менен негиздөө.

Диссертациянын биринчи главасы **«XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз профессионал поэзиясынын өнүгүү тенденциялары, аны мектепте талдап өздөштүрүүнүн методологиялык негиздери. Адабиятты окутуунун заманбап технологиялары»** деп аталып, анда өткөн кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз профессионал поэзиясынын өнүгүү тенденциялары жана ал мезгилдеги акындардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрү көрсөтүлгөн. Поэзиядагы поэтикалык туундуларды мектепте окутуунун жана өздөштүрүүнүн методологиялык негиздери, окутуу технологиялары ачылып берилген.

**«XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз профессионал поэзиясынын үлгүлөрүн адабияттык окуу курсунда заманбап технологиялар негизинде окутуу, талдап өздөштүрүү»** деп аталган экинчи главада кыргыз профессионал акындарынын ошол 70–90-жылдар ичинде жараткан поэтикалык чыгармаларынын уруннтууларын, атап айтканда мектеп программасына сунушталган Ж.Садыковдун С.Жусуевдин, Б.Сарногоевдин, М.Абылкасымованын, Т.Кожомбердиевдин, Ж.Мамытовдун, О.Султановдун А.Өмүркановдун поэзияларын азыркы заманбап технологияларга ылайык окутуу маселелери каралган жана ылайыгына жараша чечмеленген. Мында программада сунуштаган көркөм поэтикалык

туундуларды заманбап салттуу жана интерактивдүү окутуунун теориялык жана практикалык маселелери иштелип чыгылган.

Үчүнчү глава **«XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын системалуу курста заманбап талаптарда окутуу, талдап үйрөнүү»** деп аталып, мында профессионал акындар Б.Сарногоевдин X класста «Ашуудан берген отчетум» жыйнагындагы ырларды инновациялык технологиялар негизинде үйрөнүп талдоо, С.Эралиевдин адабият окуу програмасында камтылган лирикаларын, «Кесиринсан» поэмасын, Э.Ибраевдин «Улут болсом, тилим менен улутмун», Ш.Дүйшеевдин «Кайдыгерлик» публицистикаларын XI класста салттуу жана интерактивдүү окутуу, талдап өздөштүрүү, С.Жусуевдин «Курманжан датка» ыр менен жазылган романын XI класста заманбап талаптарда окутуу, талдап үйрөнүү маселелери чечмелөөгө алынды. Ушул эле главада педагогикалык эксперименттин жүрүшү жана анын жыйынтыктары тууралуу материалдар берилген.

***Жалпы корутундуда*** изилдөөнүн мазмуну боюнча негизги корутундулар жана сунуштар чыгарылган.

Бул диссертациялык иште, жогоруда көрсөтүлгөн бир катар жетишкендиктер менен, айрым кемчиликтер да байкалат:

Биздин оюбузча диссертациялык иште “талдоо” деген сөз көп жолу кайталанган мисалы: Биринчи главада «XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз профессионал поэзиясынын өнүгүү тенденциялары, аны мектепте талдап өздөштүрүүнүн методологиялык негиздери. Адабиятты окутуунун заманбап технологиялары» деп ал эми экинчи главада «XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз профессионал поэзиясынын үлгүлөрүн адабияттык окуу курсунда заманбап технологиялар негизинде окутуу, талдап өздөштүрүү»үчүнчү глава «XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын системалуу курста заманбап талаптарда окутуу, талдап үйрөнүү» деп кайталанган аталышына корректировка болушу керек. Ошондой эле

орфографиялык каталарды оңдоо жана моделдин схемасын көрсөтүү керек деп ойлом.

Жалпысынан алганда аталган иштин коргоого коюлуп жаткандыгы жакшы саамалыктардын бири. Коргоого толук негиз бар. Иштеги техникалык, орфографиялык мүчүлүштүктөрдү эске алуу менен ишти коргоого сунуштайм. Изденүүчүгө ийгилик каалайм.

**Төрага:** Рецензеттер тарабынан көрсөтүлгөн кемчиликтерге жана каталарга жооп берүү үчүн сөз диссертантка берилет.

**Изденүүчү Тажибаева У.К.:** Урматтуу Сатканбай Момуналиевич жана Толгонай Нурбаевна! Биринчиден, сиздерге биздин диссертациялык ишибиз жөнүндөгү оң ой-пикир айтылып, объективдүү талдоо жүргүзгөндөрүңүздөргө терең ыраазычылык билдиребиз!

Сиздер айткан каалоолоруңарды, кемчиликтериңерди кабыл алабыз, алардын баардыгы туура деп ойлойбуз, ошондуктан аларды жоюууга бардык мүмкүнчүлүктөрүбүздү жумшайбыз.

Сиздерге дагы бир жолу ыраазычылык билдиребиз!

**Төрага:** Мындан ары талкууга өтөбүз. Урматтуу кесиптештер! Кимде кандай ой-пикир бар?

**Асипова Н.- педагогика илимдеринин доктору, профессор:**

Мен бул жерден эле авторефератты окуп чыгып, чындыгында анын мазмунунда актуалдуу маселе козголгондугун байкадым. Бирок главалардын аталышындагы сөздөрдү ордун алмаштырып, “талдоо аркылуу өздөштүрүү” деп оңдоп түзөтүү менен сунуштайм.

**Момуналиев С.- педагогика илимдеринин доктору, профессор:**

- Сиз атап өткөн акындардын чыгармаларын окутууда методикалык системасынын оптималдуу жолдорун тактап алуу керек. Иштеги техникалык, орфографиялык мүчүлүштүктөрдү эске алуу менен ишти коргоого сунуштайм. Изденүүчүгө ийгилик каалайм.

**Саттарова А.Т.** – педагогика илимдеринин доктору, **профессор:** Мектеп окуучуларына 70-90-жылдарындагы поэзияны окутуунун

жолдорун өздөшүрүү менен ар тараптуу тарбиялоодо кыргыз элинин көптөгөн кылымдар бою чогултkан, тандап алган баа жеткис тажрыйбаларын сактап, кылдаттык менен муундарга берип келген. Кыргыз профессионал акындардын поэзиясын мектеп балдарына жеткирүүнүн натыйжалуу каражаттары, формалар жана методдору пайдаланып келген, алар бүгүнкү күндө да эң натыйжалуу болуп эсептелинет.

Автор атайын жүргүзүлгөн теориялык-педагогикалык талдоо жана жалпылоонун негизинде "**XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасын"** атайын педагогикалык шарттарын илимий көз менен кароо зарылчылыгы аныкталган.

Биздин оюбузча, У.К.Тажибаеванын диссертациялык иши КР ЖАКтын талаптарына толугу менен жооп берет, ошондуктан бул жумушту коргоого сунуштасак болот.

**Каранова Т.Н. педагогика илимдеринин кандидаты, доцент:** Изилдөө ишинде доклад учурунда теманы кайталабай, даярдалган слайддарды башка бирөөнүн жардамы менен көрсөтүү максаттуу деп эсептейм. Анткени убакыт текке кетип калган учурлар болду. Коргоого сунуштайм.

**Төрага:** - Урматтуу кесиптештер, талкуулоонун негизинде БатМунун кеңейтилген отуруму төмөндөгүдөй бүтүм кабыл алды.

## БҮТҮМ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу:** XX кылымдын 70–90-жылдарындагы поэтикалык чыгармалары жалпы орто билим берүүчү мектептин «Кыргыз адабияты программасына» ошол өткөн кылымдын аяк чининен тартып гана киргизилип, аларды окутуунун тажрыйбасынын жетишсиздиги, дале топтолуп үлгүрбөгөнү жана да ал тажрыйбалардын иретке салынып жыйынтыкталбаганы, бул адабий окуу материалдарынын окуу-нормативдик документтерден орун алышынын анализи

жасалбагандыгы, ал чыгармаларды мектепте окутуунун бирдиктүү методикалык системасы али түзүлбөгөндүгү менен илимий иштин актуалдуулугун көрсөтөт.

XX кылымдын 70–90-жылдарындагы профессионал поэзия үлгүлөрүн мектепте заманбап талаптарда окуп-үйрөнүлүш көйгөйү замандын талабы.

**Изилдөөнүн теориялык жаңылыгы:**

– XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз профессионал поэзиясынын материалдарынын жалпы өзгөчөлүктөрү жана аны мектепте үйрөтүүнүн бөтөнчөлүктөрү аныкталгандыгында;

– аталган мезгилдин акындарынын чыгармаларынын окуу программаларынан, окуу китептеринен орун алышынын азыркы абалы жана аны өркүндөтүүнүн жолдору көрсөтүлгөндүгүндө;

– профессионал акындардын окуу программасына сунуш кылынган чыгармаларын адабий-тарыхый процесс, коомдук турмуштун жалпы динамикасы менен байланышта талдоонун бүтүн бир методикалык системасы иштелип чыккандыгында;

– иштелип чыгылган теориялык ойлор жана методикалык сунуштар илимий-практикалык сынактан өткөрүлгөндүгүндө.

**Изилдөөчүнүн жекече салымы:** Алгачкы жолу XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз профессионал поэзиясынын урунттуу үлгүлөрүн мектепте окутуунун абалы, проблемалары аныкталып, бул мезгилдеги адабий көрүнүштөрдү окутуунун методикалык системасы өркүндөтүлүп түзүлдү жана алар педагогикалык процессте сынактан өтүп, практик-мугалимдерге сунушталды.

**Изилдөөдөн келип чыккан илимий-методикалык жана практикалык сунуштар :**

1. Жаңы окуу-нормативдик документтерди иштеп чыгууда кыргыз адабияты боюнча мамлекеттик стандарттарда жана окуу программаларда XX кылымдын 70–90-жылдарында жаратылган поэтикалык чыгармаларды үйрөнүү деген сааттардын санын көбөйтүү; орто мектептин ортоңку жана

жогорку класстарынын окуу китептеринде аталган ыр туундуларынын тексттерин болушунча толук берүү; тексттерди сөздүк-фразеологиялык түшүндүрмөлөр жана комментарийлер менен коштоо; анын ичинен этнолингвистикалык лексикага, фразеологияга көңүл буруп, тийиштүү иллюстрацияларды кошуу.

2. Кыргыз адабиятын окутуунун методикалык курсун ЖОЖдо жана мектепте жакшыртуу үчүн ортоңку жана жогорку класстарда XX кылымдын 70–90-жылдарында жазылган поэтикалык чыгармаларды камтыган окуу-методикалык комплексти (окуу китептерин, хрестоматияды, сөздүктөрдү, сабактардын тийиштүү иштелмелери, көрсөтмөлүү куралдарды) иштеп чыгуу.

3. Мектептерде кыргыз адабияты боюнча класстан тышкаркы иштер үчүн төмөнкү иш-чараларды алдын ала караштыруу: окуучуларды XX кылымдын 70–90-жылдарындагы поэтикалык чыгармалардын түп нускалары менен тааныштыруу; талдоо жүргүзүүнүн негизинде даярдалган театралдык оюндарга, инсценировкаларга катышуу, сөздүктөр менен иштөө жана аталган жылдар аралыгында жаратылган поэтикалык туундуларга комментарийлерди түзүү, сүрөт өнөрүнүн үлгүлөрү менен таанышуу ж.б.

**Диссертациялык иштин адистикке дал келиши**

Изилдөө кыргыз адабияты педметин окутуу боюнча жазылган баалуу эмгек. Ошондуктан изденүүчү Тажибаева У.К “XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасы” аттуу изилдөө иши 13.00.02 -окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн адистикке дал келет.

Автореферат диссертациянын мазмунун толугу менен чагылдырат. Анда окшош берилген кыргыз, орус жана англис тилиндеги резюмелер бар.

**Жогорку айтылгандардын негизинде бүтүм добушка коюлду. “Макул” – баары (15), “Каршы” –жок, “Калыс” –жок. Бүтүм бир добуштан кабыл алынды.**

Жогорудагы сунуштарды карап чыгып, жыйындын мүчөлөрү төмөндөгүдөй токтом кабыл алышты:

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Изденүүчү Тажибаева У.К. 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн "XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасы " деген темада жазган кандидаттык диссертациясы тууралуу жогорудагы бүтүм бекитилсин;
2. Изденүүчү Тажибаева Уркия Кочкоровнанын "XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасы" темасындагы 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы коргоого сунуш кылынсын.

Жыйындын төрагасы:
ф.м.и.д., профессор — М.М. Тайиров

Жыйындын катчысы: — М.К.Мадумарова